## №47 ОРТО МЕКТЕБИ

# 2021-2022-окуу жылындагы Мамлекеттик тил декадасында иштелген иштердин отчету

УБнин жетекчиси:

Арналы к Н.

*2021-2022-окуу жылы кыргыз тилин үйрөнүүгө түрткү берүү жана өбөлгөлөрдү түзүү,*

*иновациялык технологияларды, окутуунун заманбап усулдарын колдонуу менен окутуу системасын жакшыртуу маселелери азыркы учурдун талабы экендиги баса белгиленет.*

*Бүгүнкү күндө билим алуу адам баласынын жашоо турмушунун эң зарыл керектөөлөрүнүн бирине айлангандыктан, кыргыз тили боюнча билим берүү инсандын өз өмүрүнүн агымында активдүү аракетке келген, жашоо үчүн зарыл жана жетиштүү билимдерди, ал аркылуу жүрүм-турумдарды, көндүмдөрдү өздөштүрүү процессине айланышы керек.*

*Тактап айтканда, орто мектептерде окуу предметтери боюнча сабак берүүнү азыркы учурдун талабына ылайык келтирүү, кыргыз тилин окуучулардын бардык муктаждыктарына кызмат кыла ала тургандай жана өсүү багытында бардык кызыкчылыктарын толугу менен аткара алгыдай абалга жеткирүү зарыл.*

*Албетте, мамлекеттик тилди өнүктүрүү алкагында биздин мектеп да четте калбай кыргыз тилди өркүндөтүү үчүн өз салымдарын кошуп, ар кандай иш чараларды өткөрүп турат. Атап айтканда, ар бир окуу жылында мектеп мамлекеттик тил декадасы, кечелер, конкурстар өткөрүлүп келет. 2021-2022-окуу жылында 27-сентябрдан 7-октябрга чейин мамлекеттик тил декадасы аралыктан окутуу аркылуу болуп өттү. Быйылкы окуу жылында 8 ачык сабак өткөрүлдү.*

*1)Мурадилова А.Ж.*

*Адамдын келбети, мүнөзү, 4-а класс, кыргыз тили сабагы.*

*2)Дуйшембиева К.С.*

*Ата-энем, 2-б класс, кыргыз тили сабагы.*

*3)Тентимишева Б.З.*

*Үйдөгү досторубуз, 6-б класс, кыргыз тили сабагы.*

*4)Иманкулова Б.К.*

*Биздин үй, 4-а классс, кыргыз тили сабагы.*

*5)Султанова Б.А.*

*Көнүгүү иштөө, 9-д класс, кыргыз тили сабагы.*

*6)Уразбаева К.А.*

*Бир өңчөй баяндооч, 9-а класс, кыргыз тили сабагы.*

*7)Сыдыкова К.Э*

*Атама сүйлөм, 10-а класс, кыргыз тили сабагы.*

*8)Арналы к Н.*

*Каада-салт ырлары, 6-к класс, кыргыз адабияты сабагы.*

*Көрсөтмө куралдар эстетикалык жактан талапка жооп берет. Сабакттарда кластер, синквейн, Венндин диаграммасы, денотанттык граф, концептуалдык карта, инсерт ыкмалары жана техникалык каражаттардын жардамы менен көркөм окуу, ырлар, клип, слайттар көрсөтүлдү.*

*Декадада өтүлгөн сабактар такта, инерактивдүү ыкмалар, техникалык каражаттар аркылуу өтүлдү. Мамлекеттик тил мугалимдери биринчилерден болуп декадаларын ийгиликтүү өткөрдү. Ар бир сабакты толугу менен анализдеп,*

*эң жогорку баада бааладык.*